# ДАРАК БИР ЖЕРДЕН КӨГӨРӨТ ЖЕ АК ЭМГЕКТИН АКЫБЕТИ КАЙТКАНДА...



Жер шарындагы бүт дүйнө жүзүнө белгилүү, өз өлкөсүнүн жогорку билим берүү системасынын жүзүн көрсөтүп турган университеттер: бул Улуу Британияда – Оксфорд жана Кембридж университеттери, Америка Кошмо штаттарында – Гарвард университети, Францияда – Сорбонна университети, Орусияда – Ломоносов атындагы Москва университети тууралуу баары эле билсе керек. Ал эми Кыргызстанда андай университет болуп ата мекендик жогорку билим берүүнүн көч башы – Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети эсептелинет. Ал өзүнүн 90 жылдык маарекесин келерки 2024-жылдын 31-майында чоң салтанат менен белгилегени турабыз. Чет өлкөдө басылып чыккан “Дүйнөнүн университеттери” аттуу китепке Кыргызстандан жалгыз ушул Улуттук университет киргизилген. Дипломy дүйнө жүзүнүн кайсы булуң-бурчунда болбосун, кабыл алынат. Ушул университетте окуп калганына студенттердин басымдуу көпчүлүгү ыраазы.

“Дарак бир жерден көгөрөт” демекчи, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин философия факультетинде 35 жылдан бери үзүрлүү

эмгектенип келе жаткан докторант агайыбыз Иманкожоев Таалайбек Асанович 2019-жылдын 31-майында КУУнун 85 жылдыгына карата КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгиси менен сыйланган болучу. Студенттердин, кесиптештеринин арасында чоң кадыр-баркка ээ. Жанда жок адамгерчилиги, аталык-агалык мээрими, айкөлдүгү, педагогдук чеберчилиги, терең билими, мыкты лекциялык сабактарынын укмуштуудай кызыктуулуугу, таасирдүүлүгү менен Т.Иманкожоев студент-тердин сүйүктүү агайына айланган. Ак эмгектин акыбети кайтат болуп, 2023-жылдын июнь айында КУУнун философия факультетин мындан 20 жыл мурда бүтүп кеткен студенттери чогулуп, башкалардан өзгөчөлөнгөн устат окутуучу катары Таалай агайына өздөрүнүн атынан 100 миң сом өлчөмүндө сый тартуу кылышкан. Билим берүүнү гумандаштыруунун Эл аралык академиясынын (Германия, 1995) жана Россиянын Эл аралык педагогикалык жана социалдык илимдер академиясынын (Москва, 1998) академиги Эсенбек Мамбетакунов Таалай агайыбыздын алган бул сый тартуусу үчүн чын дилден кубана агынан жарылып, “нак ыймандуу кожонун таалайлуу баласы турбайсыңбы!” деп аксакалдык, нукура илимпоздук батасын берген.

КУУнун факультеттеринин философия курсун окуган студенттери ар жылы сайын өздөрүнүн ыр саптарын Таалай агайга арнап жазышып, ага деген ыраазылыктарын, каалоо-тилектерин билдирип келишет. Төмөндө ал ырлардын бирин-экин мисал келтире кетели.

**Таалай агайыма**

Ук, бүт аалам, ук, бүт дүйнө,
Саякатка кеттик азыр бул күндө.
Жер кыдырып, эл кыдырып келебиз
Дүйнөдөгү философтор жөнүндө.

Сократ,  Платон, Аристотель

Ойлоруңду жакшы жакка чакырат.
Дал ушуну таанып билдим учурунда,
Бул сабак философия деп аталат.

Мугалимди мөмөлүү дарак дешет.
Биздин дарак Талай агай сабак берет.
Агайдын мөмөлөрү биз болобуз,
Билимге сугарылып жетилишбиз.

Жакшы адамга жарашат жакшы ыр сап.
Жашоодо да жөнөкөй – өзүнө сак.
Күлүп жүрөт жаманы жок эч бирөөгө,
Баарына тегиз жүрүшү, өзүнө так.

Ойлогон ойлору да терең турат.
Сөздөрү да таасирдүү айтып турат.
Эй, замандаш, билбесең билип ал да,
Бул агай алтындан да бийик турат.

Кош дебеймин, ден соолук аман тилейм.
Көрүшөбүз жакшы күндө кайра кенен.
Талыкпаңыз, соо жүрүңүз ар дайым,
Көрүшкөндө алдыңызга салам берем.

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика*
*факультетинин студенти Төлөнбекова Акмаржан*

**Иманкожоев Таалай агайга**

Таптаза кийингени, тамшантып сүйлөгөнү,
Талыкпас эмгек менен жакшыга үндөгөнү.
Таалай агай кандай адам?
Таң болуп жарык чачкан.
Таалайга жаратылган
Татыктуу асыл адам.

Кабагы бүркөлбөстөн дайым ачык,
Карааны тоодой болуп келет шашып.
Калкалар зоодой болгон,
Кас душман жолобогон.
Кеменгер калыс адам,
Кайратттуу жолдо болгон.

Билгин дейт философия сабагын,
Бийик коёт ар убакта талабын.
Билимди берген сизсиз,
Бийикке жеткендирсиз.
Башкалардан жакыныраак,
Бир боорум жердешимсиз.

Сүйлөсө сөзүн таптап акыл айтат,
Сүйүп берип сабагын мээрим чачат.
Сүттөн ак бизге тилеги,,
Сан жетпестир билгени.
Согуп турсун ар убак,
Сүйүүгө толгон жүрөгү.

*КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин*
*студенти Шаршенбаева Жанара*

## Агайыма

Философия кенен ачып эшигин.
Көргөзөт жарыктагы бейишин.
Кубандырып агайыбыз келгенде,
Терең ойлор сүзүп кетет кемемде.

Маанисинде маңызы көп бүтпөгөн.
Ой толгоону тереңдетип түптөгөн.
Ар бир сөздүн төркүнү бар үй-жайлуу,
Кезикпесин билбегендер мындайды.

Кар басып кылым бою сакталган.
Ойчулдардын сөздөрү бар топтолгон.
Дагы-дагы кала берет катылып,
Данегинен өнүп чыгат ачылып.

Тереңине сүзүп кирип тармактын,
Изденүүлөр токтоп такыр калбасын.
Из калтырып, Таалай агай топтогон,
Бийик тоолуу айыл болсун барктаган.

*КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин*
*студенти Рысбек уулу Кайырбек*

## Иманкожоев Таалай агайга!

Так жүргөнү, билим берип үйрөткөнү.
Алга сүрөп, көптү окутуп сүйлөткөнү.
Легендарлуу биздин агай, чынын айтсак,
Ар убакта дайым шайыр жүргөндүгү.

Ийгиликке жетелеген күчтүү сөзү,
Ишенимде караган анын көзү.
“Илим-билим түбөлүк керек,” – дейсиз,
Биздин агай биз үчүн дайым үлгү.

Керемет сабак чынында философия,
Окусак дайым табабыз мыкты идея.
Сыймыктанып айтабыз сизди дайым,
Бар болуңуз ар дайым, жакшы агайым!!!

*КУУнун кыргыз филологиясы факультетинин*
*студенти Дайрагул кызы Наргиза.*

**Агайыма**

Лекцияны башка жандай окубаган,
Берилип ар бирине көңүл бурган.
Олтурган партадагы студенттин
Агайга келечеги ойлондурган.

Угуп жатып дүйнө элинин философиясын,
Укмуштуудай керемет дүйнө көрдүм.
Аралашып өзүм бир жөнөгөндөй,
Ырахатка жан дүйнөм бир бөлөндүм.

Искендер Зулкарнайдын философиясын айтканда,
Келбетин көз алдына тартканда,
Кыздардын каректери жанып кетет,
Лекциябыз андан бетер кызып кетет.

Бир учурда сапарга аттанабыз,
Баарыбыз бириң калбай шаттанабыз.
Индия, Кытай өлкөлөрүн аралап,
Жан дүйнө нурга толуп биз кайтабыз.

Билимге дагы-дагы сугарыңыз.
Суусаган жандарды чаңкатыңыз.
Ак калпак, ак элечек элибизге
Аристотель, Сократтан жол улаңыз.

Мен мактанам бизде дагы Сократ бар деп,
Мен даңктанам бизде дагы Платон бар деп.
Анткени Аристотель атагындай,
Бизде да Иманкожоев агай бар деп.

*Ж.Баласагын атындагы КУУнун журналистика*
*факультетинин студенти Жапаркулова Айтурган*

Анын сыңары, жакын шакирттеринин бири катары мен дагы Талай агайыма арнап ушул макаламды жазууга белсенип отурам. Агайыма кандай мактоо айтсам да жарашат. Агай өзү да далай ирет кайталап айткандай, эң башкысы, студенттердин берген баасына эч нерсе жетпейт эмеспи.

Студент кезимде “Кеменгер” студенттик клубу тарабынан өткөрүлгөн Бишкек шаардык жогорку окуу жайлар аралык “Алсызды күчтүү кылган –

билим, кичүүнү улук кылган – илим” аттуу акыл таймашына катышып калып, агайды алгач ирет ошондо көрдүм, агай ошол конкурста калыстар тобунун мүчөсү экен. Ошондо биз, студенттер, өз ара баарлашканыбызда агай жөнүндө көп жакшы нерселерди уккан элем. Учурда студенттер арасында легендарлуу болуп калган Таалай агай мына ошол кезде эле эң бир кызыктуу, мазмундуу лекцияларды өтүп, уникалдуу педагог катары кыйла чоң кадыр-барк күтүүгө жетишип калган экен. Ал кездери мен И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз филологиясы факультетинде окучумун. Агайдын ажайып лекция-сабактары жөнүндө улам кайталап уккан сайын кызыгуум артылып, бир күнү атайы Улуттук университетке барып, Таалай агайдын философиядан лекция сабагына катыштым. Агайдын укмуштуудай чеберчилик менен, терең мазмундуу өткөн сабагы мени биротоло арбап алды. Ошонун эртеси эле чечкиндүүлүк менен катуу киришип, көп өтпөй И.Арабаев атындагы КМУнун кыргыз филологиясы факультетинен Ж.Баласагын атындагы КУУнун философия факультетине которулуп, Таалай агайдын сабактарына үзгүлтүксүз катышып баштадым. Агай “Риторика” жана “Кыргыз философиясынын тарыхы” предметтеринен сабак берер эле... Калган студенттик жылдарым майрамдагыдай эле өттү десем болчудай. Агай экөөбүз түндүн бир далай убактарына чейин философия боюнча талашып, кызуу баарлашкан күндөр оголе көп болду. Курстук, дипломдук ишти Талай агайымдан жаздым. Окууну бүтөрдөн бир жыл мурда агай өзүнүн улук устаты, профессор Асейин Измаилович Исмаиловдун философиялык эмгектерин колума карматып: “Студенттер Европанын антикалык доорунун, орто кылымдын, жаңы замандын, соңку жаңы замандын философторун ар дайым жазып келишет. Сен аларды коюп, кыргыз философиясына зор салым кошкон ушул Исмаилов агайды жазгын” деди. Агайдын жетекчилиги менен дипломдук ишимди “эң жакшы” деген баага коргодум. Окуумду жакшы бүтүп, факультетте окутуучу болуп иштеп калышыма агайдын таасири, көмөгү зор болду. Учурда Панфилов районундагы Алыкул Осмонов атындагы орто мектептин тарых мугалими.

Таалай агайдын улуу түрк аалымы Махмуд Кашкарынын (Барсканинин) 1000 жылдыгына карата түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы орто жана жогорку билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин жана илимпоз-педагогдорунун 2015-жылдын 23–24-мартында өткөрүлгөн "Түрк дүйнөсү: Ысык-Көл – аалам ордосу" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясына катышып, андагы окуган "Асейин Исмаилов – Махмуд Кашкарынын (Барсканинин) урпагы же аккан арыктан суу агат" деген темада окуган баяндамасы анын окумуштуулук дараметинин айкын күбөсүнүн бири болуп эсептелинет. Баяндама Татарстандан, Башкырстандан, Якутиядан, Түркиядан, Түркмөнстандан, Казакстандан, Өзбекстандан келген окумуштуулардын ичинен илимий дарамети, салмактуу маани-мазмуну жагынан жогору бааланып, натыйжада баяндаманын автору Таалайбек Иманкожоев агай эл аралык илимий-практикалык конференциянын уюштуруучусу катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясынын "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

Философияда "бумеранг" деген түшүнүк бар, бул бардык нерсе айланып жүрүп отуруп, кайрадан өз нугуна кайтат дегенди билдирет. Бул кыргыздын "ат айланып, казыгын табат" деген накыл сөзүнүн эле өзү. Эгер Таалайбек агай ар дайым өзүнүн улук устаты Асейин Измаилович Исмаилов жөнүндө илимий конференцияларда, газит-журналдарда айтып-жазып келсе, өз кезегибизде биз дагы минтип өз устатыбыз, агайыбыз  Иманкожоев Таалайбек агай тууралуу урмат сөзүбүздү айтып-жазып түгөтө албай отурабыз. Күнүмдүк турмуштун философиясы мына ушул экен да... Бул макаламды академик Эсенбек Мамбетакунов агайыбыз айткандай "ыймандуу кожонун таалайлуу баласы" Таалайбек Иманкожоев агайыма Бүткүл дүйнөлүк философтор күнү менен куттуктап жаздым.

Панфилов районундагы Алыкул Осмонов атындагы
орто мектептин тарых мугалими **Айдин Тулеев**